УДК: 81` 373.21

*Даовлатова Ф. М., улук окутуучу*
*feruzadaovlaotova@gmail.com*
*Арыстанова А. Т.*
*БатМУ, Кызыл-Кыя гуманитардык techинституту,*
*Кыргызстан*

# АНТРОТОПОНИМДЕР ЖЕР-СУУ АТАЛЫШТАРЫНДА

*Макалада жер-суу аталыштары адам ысымдарынан же уруулардын, уруктардын аттарынан коюлган учурлар талдоого алынып, мисалдар келтирилди. Топонимикада антротопонимдер адамдардын атынан, лакап аттарынан, лакаптарынан жана фамилияларынан жасалган жер аттары болуп саналат. Мындай географиялык аталыштар көбүнчө калктуу пункттарга, шаарларга, айылдарга, көчөлөргө, эс алуу парктарына берилгендиги белгилүү. Бул географиялык аталыштардан этнотопонимдер, коммеморативдик же мемориалдык топонимдерге мисалдар келтирилип каралды. Союз мезгилинде жалпы союздук республикалардагы окшош орус антротопонимдердин жана советтик топонимиянын таасири күчтүү болуп, союздук республикаларда партиялык, советтик ишмерлердин ысымдарын географиялык объектилерге ыйгаруу массалык түрдө жүргүзүлгөн, тактап айканда, партия лидерлеринин, революциянын, жарандык согуштун катышуучуларынын ж. б. аттары берилген.*

***Өзөктүү сөздөр**: антротопонимдер, топонимдер, этнотопонимдер, коммеморативдик топонимдер, мемориалдык топонимдер, жер-суу аталыштары, этноним, уруулар, уруктар.*

*Даовлатова Ф. М., ст. преподаватель*
*feruzadaovlaotova@gmail.com*
*Арыстанова А. Т.*
*БатГУ, Кыргызстан*

# АНТРОТОПОНИМЫ В ТОПОНИМИЯХ

*Данная статья написана на основе анализа топонимов от имен людей или названий племен и родов с приведением примеров. В топонимике антропотопонимами называются топонимы, образованные от имен людей, прозвищ и фамилий. Все мы знаем, что эти географические названия часто даются населенным пунктам, городам, селам, улицам, паркам отдыха. Эти географические названия рассматривались как образцы этнотопонимов, коммеморативных или мемориальных топонимов. Массовое или советское топонимическое влияние подобных русских антропотопонимов в союзных республиках в период Союза закреплялось за географическими объектами с именами массовых партийных и советских деятелей. К ним относятся партийные деятели, участники революции, гражданской войны и др.*

***Ключевые слова:** антропонимы, топонимы, этнотопонимы, коммеморативные топонимы, мемориальные топонимы, этнонимы, племена, роды.*

*Daovlatova F.M., senior teacher*
*feruzadaovlaotova@gmail.com*
*Arystanova A.T.*
*Batken state university, Kyrgyzstan*

# ANTHROTOPONYM IN PLACE NAMES

*This article is written based on the analysis of toponyms of people's names or the names of tribes and families, with examples. In toponymy, anthropotoponyms are toponyms formed by the names of people, nicknames, nicknames, and surnames. We all know that these geographical names are often given to settlements, cities, streets, recreation parks. These geographical names were considered as examples of ethnotoponyms, commemorative or memorial toponyms. The mass or Soviet toponymic influence of such Russian anthropotoponyms in the Union republics during the period of the Union was attached to geographical objects with the names of mass party and Soviet figures. These include party figures, participants in the revolution, civil war, etc.*

***Key words**: anthroponyms, toponyms, ethnotoponyms, commemorative toponyms, memorial toponyms, toponyms, ethnonyms, tribes, clans.*

Топонимдердин ар биринин өз тагдыры, тарыхы бар. Топонимдер идеологиялык, саясий, укуктук маселе деп, ээлик кылуунун формасы деп да айтууга болот. Топонимдер ошол жерди ээлеген, жердеген элдин кабарын билдирип турат. **Антротопоним -** (гр. anthropos — киши, onyma — ат, ысым) — энчилүү адам аттары, ысымдар, фамилиялар, атасынын аттары, ылакап аттар, псевдонимдер, патронимдер, андронимдер, гинеконимдер коюлган жер-суу аттары.

Антротопонимдерди же адам ысымдарынан жасалган аталыштарды *патрономиялык* жана *мемориалдык* топонимия деп эки чоң топко бөлүп кароого болот.

Белгилүү изилдөөчү В. А. Никонов: «... энчилүү аттар - булар сөздөр, сөздүн кимдер тарабынан берилгенин аныктап турат. Энчилүү жер-суу аттары ошол жерлерге бекитилип калгандыктан, алар аркылуу белгилүү аймактагы байыркы тилди калыбына келтирип, мейкиндиктеги таралуу чек арасын аныктоого болот. Бул аталыштар көпчүлүк тилдерден эрте пайда болгон», - деп айткан. Мындан сырткары, географиялык аталыштардын жылып жүрүүсү кайсыл гана аймактагы болбосун элдин миграциясын, түрдүү этностордун үстөмдүгүнүн алмашуусун да чагылдырат. Башка өлкөлөр сыяктуу эле Кыргызстандын аймагы узак мезгилдер бою анын топонимиясында из калтырган татаал тарыхый окуялардын чордону болуп келген.

В. А. Никонов белгилегендей, «антропонимия – баалуу тарыхый булак, өткөндү табууга жардам берүү үчүн кызмат кыла алат» [3: 192].

Топонимикада **антротопонимдер** – адамдардын атынан, лакап аттарынан, лакаптарынан жана фамилияларынан жасалган жер аттары. Бул

географиялык аталыштар көбүнчө калктуу пункттарга, шаарларга, айылдарга, көчөлөргө, эс алуу парктарына берилгендиги баарыбызга белгилүү. Бул географиялык аталыштарды *этнотопонимдер, коммеморативдик* же *мемориалдык* топонимдер деп бөлүп изилдөө туура.

Дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө антротопонимдер кездешет, жергиликтүү калктардын негизинде коюлган топонимдер, башка өлкөдөн келип отурукташып калган элдердин, белгилүү же ошол топту башкарган адамдардын аттарынан аталып калган антротопонимдер бар. Мисалы: Европада атасынын ысымдарынын мисалдары өтө көп: Витторио (Италия), Гермaнсдорф (Германия), Вильгельмсбург (Австрия) ж. б. Түндүк Америкада географиялык картада Морган, Саймон, Джексон, Джошуа ж. б. Аталыштар кезигет.

**Этнотопонимдерди** түзүүдө калктын этностук курамы – белгилүү бир аймакта жашаган ар түрдүү элдер, уруулар, уруулар, элдер – чоң роль ойногон. Калктуу конуштардын көбү элдин социалдык тобуна – кайсы урууга, элге – таандык экендигине карата атала баштаган. *Этнонимдер,* эреже катары, кошуна аймактарда же түрдүү уруулардын жана уруктардын өкүлдөрү жашаган аймактарда пайда болуп, этнонимдер айырмалоочу белги катары кызмат кылган. Мындай ысымдарды ошол уруунун, уруктун өкүлдөрү өздөрү эмес, коңшу, экинчи уруунун адамдары койгон. Этнотопонимдерди изилдөө аркылуу айрым этностордун мурда жашаган жерлерин аныктоого болот.

Кыргызстандын аймагындагы калктуу конуштардын бир кыйла бөлүгү уруулардын, элдердин аттары – өткөн доордун этнонимдери менен аталат. Бул, албетте, бекеринен эмес. Кыпчактар, маңгыттар, төөлөстөр, сарылар, нойгуттар, наймандар, каңдылар, нойгут, сарыбагыш, бугулар ири уруулардын катарына кирет. Бул уруулардын, уруктардын ар бири бир нече майда урууларга бөлүнөт. Убакыттын өтүшү менен алардын айрымдары унутулуп калган. Бирок аталаштарынын көбү жер аттары катары сакталып калган. Төмөндө мындай этнонимдердин айрымдарына токтолобуз.

**Төөлөс** - кыргыз уруусунун аталышы. Кыргыздардын ичкилик уруусуна кирет. Айрым маалыматтарда төөлөс уруусу кыргыздын оң, сол жана ичкилик уруусуна кирбей, өз алдынча уруулардын бири катары да берилет. Азыркы кыргыз урууларынын курамында бул уруу орто кылымдардан бери эле этностук компонент катары жашап келгендигин 16-кылымда жазылган «Мажму ат-таварих» чыгармасындагы кыргыз урууларынын санжырасында берилгендиги ырастайт. Изилдөөчүлөрдүн пикиринде, төөлөс уруулук теги орто кылымдагы түрктөрдүн «теле»

уруусу менен байланышат жана алардын алтайлык урууларлын тобу менен жакындыгы бар. Төөлөс уруусунун курамына кирген уруктар «ай тамга» жана «кош тамга» деген эки топко ажырашат. «Ай тамганы» шалендер, дукун, буйга, толуман (чулум кашка), ак эчки жана башка, ал эми «кош тамга» тобун шарон, керей, муркут, меркит, бөлтүрүк, качканак атанган уруктар түзөт. Көрүнүп тургандай, өткөн тарыхый мезгилдерде төөлөс башка уруу топтору менен аралашып турушкан. Мисалы, керей (кереит), меркит, муркут (бүркүт) сыяктуу уруктар орто кылымдарда Борбордук Азиядагы саясий аренада белгилүү орундарды ээлешкен түрк-монгол тилдүү көчмөн этностордун аты менен аталып, алардын өз ара этностук катышы болгонун далилдеп турат. Төөлөстөрдүн басымдуу көпчүлүгү Түштүк Кыргызстандагы Араван, Кадамжай, Ноокат райондоруна караштуу аймактарда турушат. Ал эми бул уруунун майда топтору Нарын, Ысык-Көл, Чүй облусунда жана Кытай менен Өзбекстандагы кыргыздар арасынан да кездешет [3].

**Мемориалдык же коммеморативдик деп** мамлекеттик көрүнүктүү коомдук инсандардын, эмгек каармандарынын, маданият жана искуство ишмерлеринин, белгилүү акын-жазуучулардын ж. б. атын эскерүү жана эмгегин урматтоо белгиси катарында шаарларга, айылдарга-кыштактарга, көп сандаган көчөлөргө ыйгарылган аталыштар эсептелет. Мындай көрүнүктүү адамдарын элесине, саясий-тарыхый окуяларга арналган же жалпы эле өлкөбүздүн коомдук турмушундагы өзгөрүүлөрдү жана жетишкендиктерди билдирүү (даңазалоо) максатында коюлган аттар м*емориалдык же коммеморативдик топонимдер деп* аталат. Алар коомдун өнүгүшүн же саясатын кандайдыр бир дэңгээлде чагылдыра алат. Мисалы: И. Раззаков шаарына Искак Раззаков аталышы эли-жери үчүн кызмат кылуунун бийик үлгүсүн көрсөткөн, өлкөнүн өнүгүү жолуна салымын кошкон чыгаан инсандын атын өчүрбөө, келечек муунга жеткирүү жана багыттоо максатында гоюлган [2:14].

Макалабызда Орто Азиядагы орус топонимдеринин же советтик топонимияны таасирин мисалга келтирсек да болот. Союздук республикаларда көпчүлүк географиялык обьектилерге, жер-суу аталыштарына партиялык, советтик ишмерлердин ысымдарын ыйгаруу массалык түрдө жүргүзүлгөн. Советтер Союзунда жана социалисттик лагердин башка кээ бир өлкөлөрүндө мемориалдык идеологиялык топонимдердин саны эбегейсиз көп жана ар түрдүү. Аларга партия лидерлеринин, революциянын, жарандык согуштун катышуучуларынын ж. б. ысымдары коюлган. Ошентип, картада чексиз санда Ленинский, Дзержинский, Куйбышев, Калинин атындагы аталыштар жана башкалар

пайда болгон. Натыйжада, миңдеген шаарлар, айылдар, колхоз-совхоздор, көчөлөр, ишканалар партиялык жол башчылардын ысымы менен атала баштайт. Эң жөнөкөй мисал: Ленин чокусу, Ленин району, Ленин колхозу, Ленин көчөсү, Ленин атындагы орто мектеби ж. б. Алар бардык союздук өлкөлөрдө кайталанып, окшош аталыштарга айланган. Ошол мезгилдеги партиялык ишмерлер аны туура көрүшүп, аталыштарга өзүбүздүн кыргыз саясатчыларынын аты берилбей, орус партиялык ишмерлеринин, жада калса, башка улуттун аты менен аталган айылдар да болгон, аны тарыхчылар тактайт. Андыктан топонимдерди идеологиялык, саясий, укуктук маселе деп, ошол жерди убактылуу жердөө менен ээлик кылуунун формасы деп да билсе болот. Орто Азиядагы орус топонимдери – Россиянын саясатынын күбөсү. Бардык союздук өлкөлөрдө ушундай көрүнүш кайталанып, окшош аталыштар көбөйгөн.

Жыйынтыктап алганда, калктын этностук курамын, урукту, урууну, элди билдирген антротопонимдер, этнонимдер этносимволдор Кыргызстандын жер-суу аттары системасында өзүнчө бир топту түзөт. Бул биздин өлкөдө байыртадан бери жашап келген ар кандай уруулар, элдер, жөнүндө жаңы маалыматтарды берет. Антротопонимдер тарыхый белгилүү инсандардын, белгилүү илимпоздордун, эл башчыларын ж. б. атын өчүрбөй сактоо максатында, алардын эл-жерин коргоого же өнүктүрүүгө кошкон салымын, эмгегин эске алуу менен атайын сунуштардын негизинде коюлса деген сунушту айткыбыз келет. Ошондой эле шаарлар, айыл-кыштактар, көчөлөр, аянттар, проспектилер, көчөлөр, парктарга жана турак-жай райондорунун башка компоненттерине аталыш берүүдө мүмкүн болушунча ошол жердин экономикалык жана табигый-тарыхый өзгөчөлүктөрүн чагылдырган аталыштарды колдонуу максатка ылайыктуу болуп саналат.

**Адабияттар:**

1. Даовлатова Ф. М. Кыргызстандын түштүгүндүгү фарсы жана тажик тилдеринен кирген жер-суу аталыштарынын этимологиясы. - Ош. 2017.
2. Түштүк-Батыш Кыргызстандын жер-суу аталыштарынын этимологиясы. /Известия вузов Кыргызстана. - 2018. - №5. - 32-33-бб.
3. Никонов В. А. География фамилий. - М., 1988. - 192 с.
4. Улуттук энциклопедия: 3-том. Башкы ред. Асанов Ү. А. - Бишкек: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2011.
5. https://www.azattyk.org/a/cer-suu-atalyshtaryn-saqtoo_2023_ chorotegin/32373603.html.